КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА
ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
УНИВЕРСИТЕТИ


И.Арабаев атындагы Гуманитардык-педагогикалык колледжи

# Гуманитардык-педагогикалык колледжинин
# 2023-2028-жж карата
# СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНҮГҮҮ МЕРЧЕМИ

Педагогикалык Кеңештин
2023-жылдын 21-сентябрындагы
чечими менен бекитилди

______________
ГПКнын директору
Толоев М.Ж.

Бишкек – 2023


ДИРЕКТОР
ПЕДАГОГИКАЛЫК КЕНЕШ
ОКУУ МЕТОДИКАЛЫК КЕНЕШ
ОКУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА ДИРЕКТОРДУН ОРУН БАСАРЫ
ТАРБИЯ ИШТЕРИ БОЮНЧА ДИРЕКТОРДУН ОРУН БАСАРЫ
БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРГА БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ
ОКУУ БӨЛҮМҮ
КУРАТОРЛОР
МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ЖАНА КОРРЕКЦИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ
ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАНА ӨНДҮРҮШТҮК ПРАКТИКАНЫН ЖЕТЕКЧИСИ
СТУДЕНТТИК ПАРЛАМЕНТ
ДИЗАЙН ЖАНА ГУМАНИТАРДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ
ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ДИСЦИПЛИНАЛАР БӨЛҮМҮ

| | |
|---|---|
| Мекеменин юридикалык аталышы | Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети<br>И.Арабаев атындагы КМУнун Гуманитардык-педагогикалык колледжи |
| Мекеменин дареги | Бишкек ш. Раззаков к. 51а (башкы имарат)<br>Чалдовар к. 91а (№6 имарат) |
| Уюштуруучулук-укуктук формасы | Орто кесиптик билим берүү мекемеси |
| Жогорку башкаруу органы | Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги |
| Мекеменин жетекчисинин аты-жөнү | Ректор: ф.и.д., профессор Абдраева Айгүл Төлөковна<br>Директор п.и.к., доц.м.а. Толоев Максатбек Жеңишович |
| Байланыш маалыматтары | +(312) 66-03-47 info@arabaevksu.edu.kg/i.arabaev@mai.ru<br>Инстаграмм: @arabaev.university<br>Фейсбук: Ишеналы Арабаев атындагы КМУ<br>Почта: college.kg2020@gmail.com<br>Сайт: Гуманитардык-педагогикалык колледжи<br>Инстаграмм: @arabaev.college<br>Фейсбук: Гуманитарно-педагогический колледж<br>0702 230278 |
| Мекеменин баамдоосу | Мекеме 2028 – жылга карата педагогикалык кесип менен катар гуманитардык, экономикалык базар шартында коомчулукту керектүү адистиктер менен камсыздаган, инновациялык идеяларды жана тажрыйбаларды жайылтуучу Кыргызстандагы эң мыкты жогорку жана кесиптик орто окуу жайынын катарында иш алып барат. |
| Мекеменин мүдөөсү | Университеттин илимий-билим берүүнүн инновациялык борборуна айланышына салым кошуу, көп деңгээлдүү билим берүү программаларын ишке ашыруу жана атаандаштыкка жөндөмдүү кадрларды даярдоо |

| | |
|---|---|
| Мекеменин негизги баалуулуктары | 1. Ар кандай өзгөрүүлөрдү позитивдүү кабыл алган, улуттук баалуулуктарды өзгөчө туу туткан жана университеттин, колледждин коомдук иштерине активдүү катышкан адамдардан куралган эмгек жамаатыбыз<br>2. Адамга жана педагог үчүн өтө баалуу болгон жөнөкөйлүк сапатка ээ болгон студенттер<br>3. Окуу жайдан кесипке ээ болуп, билим берүү жана башка тармактарда эмгектенип жаткан ардактуу бүтүрүүчүлөр<br>4. Окуу жайдын өнүгүүсүнө кызыкдар жана ал үчүн салым кошууга даяр мыкты идеясы жана тажрыйбасы бар өнөктөштөр<br>5. 80-жылга жакын билим берүү тармагына салым кошуп келе жаткан тарыхы бар мекеме |
| Мекеменин негизги максаты | Өнүгүп жаткан коомдун талабына ылайык өзгөрүүгө даяр, кесибин сүйгөн жана алардын жеке инсандык жана социалдык – коммуникативдик сапаттары жетилген, кесипкөй адистерди даярдоо болуп саналат |
| Мекеменин негизги иш багыттары | 1. Студенттердин кесиптик сапаты жана жумшак көндүмдөрүн калыптандыруу<br>2. Окутуучулардын үзгүлтүксүз кесиптик өсүшүн, ишке болгон жоопкерчилигин камсыздоо жана мотивациялоо<br>3. Коомчулуктун кызыгуусун арттыруу<br>4. Инфрастукртураны жакшыртуу |
| Мекеменин өнөктөштөрү | 1. Кыргызстандагы усулдук билим берүү борборлору<br>2. Райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрү жана ага караштуу билим берүү мекемелери (мектеп, бала бакчалар, атайын билим берүү<br>3. Мамлекеттик мекемелер (салык жана салык салуу кызматы, соцфонд, РОВД, юстиция министрлиги, прокуратура, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу мекемелер)<br>4. Текстилдик жеке жана мамлекеттик мекемелер<br>5. Туризм агенттиктери, фонддор, фирмалар<br>6. Экологиялык, чарбалык мекемелер, мамлекеттик токой чарбачылыктары, фитосанитардык лабораториялары |

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Гуманитардык-педагогикалык колледжи университеттин негизги курамдык түзүмдөрүнүн бири болуп саналат. Орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу жана өркүндөтүү максатында 2006-жылы И.Арабаев атындагы КМУнун Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен Гуманитардык билим берүү борборунун, Лингвистика жана европалык цивилизациялар институтунун, Экология жана жаратылышты пайдалануу институтунун алдында колледж ачылган. Окумуштуулар Кеңешинин 2010-жылдагы чечими менен И.Арабаев атындагы КМУнун алдында бардык колледждер бириктирилип кайрадан түзүлгөн. 2019-жылы Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен Гуманитардык колледж жана Педагогикалык колледж болуп бөлүнүп, кайрадан 2023-жылдын июнь айындагы Окумуштуулар Кеңешинин чечиминин негизинде Гуманитардык-педагогикалык колледжи болуп кайрадан түзүлдү. Ошондуктан университеттин алдына коюлган миссияны аткарууда жана жаш муундарды тарбиялоодо Гуманитардык-педагогикалык колледждин орду чоң жана жаш муундарды окутуп, тарбиялоодо өзүнүн салымын кошуп келүүдө. И.Арабаев атындагы КМУнун инновациялык университет жөнүндөгү программасына ылайык коомдо өзүн реализациялай ала турган, конкуренцияга жөндөмдүү, учурдун талабына ылайык илимий техникалык прогресстин алкагында өзүнүн чыгармачылыгын көрсөтө алган, ыймандуу, өз кесибин сүйгөн болочок адистерди тарбиялоо Гуманитардык-педагогикалык колледждин максаттарынын бири болуп саналат.


Азыркы күндө Гуманитардык-педагогикалык колледж төмөндөгүдөй адистерди даярдоого лицензиялары бар:

| № | Адистиги | Шифр | Окутуунун формасы | | Квалификациясы |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Күндүзгү | Сырттан | |
| 1. | «Башталгыч класстарда окутуу» | 050709 | + | + | «Башталгыч класстын мугалими» |
| 2 | «Мектепке чейинки билим берүү» | 050704 | + | + | «Мектеп жашына чейинки балдардын тарбиячысы» |
| 3 | «Башталгыч билим берүүдөгү коррекциялоочу педагогика» | 050713 | + | - | «Башталгыч класстардын жана коррекциялык билим берүү класстарынын мугалими» |
| 4 | «Мектепке чейинки атайын билим берүү» | 050705 | + | - | «Өнүгүүсүндө кемчилиги бар мектеп жашына чейинки балдардын тарбиячысы» |
| 5 | «Кесиптик окутуу» (тармактар боюнча) | 050501 | + | - | «Өндүрүштүк окутуунун устаты» |
| 6 | «Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча)» | 080110 | + | + | «Бухгалтер» |
| 7 | «Салыктар жана салык салуу» | 080107 | + | + | «Салык салуу адиси» |
| 8 | «Укук жана социалдык камсыздоону уюштуруу» | 030504 | + | + | «Юрист» |
| 9 | «Туризм» | 100201 | + | + | «Туризм боюнча адис» |
| 10 | «Экология жана айлана чөйрөнү коргоо» | 280201 | + | - | «Эколог» |
| 11 | «Тигүү буюмдарын конструкциялоо моделдештирүү жана технологиясы» | 260903 | + | - | «Модельер-конструктор» |
| 12 | «Дизайн (тармактар боюнча)» | 070602 | + | - | «Дизайнер» |
| 13 | «Графикалык дизайн» | 070602 | + | - | «Дизайнер» |

ГПК бардык адистиктери мамлекеттик аттестациядан жана 2018-жылдын апрель айында «Билим стандарт» көз карандысыз агенттиги аркылуу билим берүү программаларынын бардык адистиктери боюнча аккредитациядан ийгиликтүү өткөн. Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн жана орто кесиптик адистерди даярдоо үчүн ГПК толугу менен жогорку квалификациялык педагогикалык кадрлар менен камсыздалган. Азыркы күндө Педагогикалык колледжде 216 окутуучу, алардын ичинен 6 илимдин кандидаты, 1 PhD доктор, 17 билим берүүнүн мыктысы, 68 жогорку категориядагы мугалимдер, 4 улуттук тренерлер эмгектенишет. Штаттык мугалимдер - 145, ички айкалыштыруу менен – 36, сырттан келген – 35 мугалим жана администрацияда – 11 кызматкер иштейт. Мугалимдердин тажрыйбасы мол, билими жана методикалык жактан такшалган кызматкерлер. Жалпы студенттердин контингенти – 2795, күндүзгү бөлүмдө - 1916 студент, сырттан окуу бөлүмүндө - 879 студент.

Колледж бирдиктүү АВН маалыматтык түйүнү аркылуу системаштырылган. Маалыматтык технологиялар аркылуу окуу процесси, бардык нормативдик-укуктук документтер, сабактардын жүгүртмөсү, КТП, электрондук журнал, окуу төлөмү, китепкана кызматы көзөмөлдөнүп, учурдун талабына жооп берет.

Колледжде жалпысынан 58 компьютер, 30 ноутбук, 5 интерактивдүү доска, 7 проектор, 21 МФУ принтер, 1 түстүү принтер, 6 роутер, 10 хаб, 1 лед экран, 4 телевизор, 2 муздаткыч бар. Компьютердик класстар, ресурстук борбор жана бардык бөлүмдөр интернет түйүнүнө туташылган.


КОМПЕТЕНТТУУ АДИСТЕРДИ ДАЯРДОО ЖАНА ЖУМШАК КОНДУМДОРУН ОНУКТУРУУ
КОЛЛЕДЖДИН КООМЧУЛУКТА ИММИДЖИН КОТОРУУ
ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ
ОКУТУУЧУЛАРДЫН УСУЛДУК ЧЕБЕРЧИЛИГИН ЖОГОРУЛАТУУ ЖАНА МОТИВАЦИЯЛОО
КОЛЛЕДЖДИН ИНФРАСТРУКТУРАСЫН ЖАКШЫРТУУ

**Гуманитардык-педагогикалык колледждин жакынкы жана узак мөөнөттүү приоритеттүү багыттары**

**1. Окуу процессин уюштуруу**

- Инновациялык ыкмаларды жана инновациялык технологияларды активдүү пайдалануу менен окуу процессин уюштуруу;
- Окуу процессин санариптештирүү (сесместрдик окуу планын, сабактын жүгүртмөсү, электрондук журнал, КТП АВНге жүктөө);
- Дуалдык окутуу программасына ылайык жумушчу ордунда окутууну бардык адистиктер боюнча ишке ашыруу;
- Көп тилдүүлүк программасынын алкагында эксперименталдык окуу планын түзүү жана көп тилдүүлүктү окутууну ишке ашыруу;
- Студенттердин жана мугалимдердин академиялык мобилдүүлүгүн колго алуу;
- Мугалимдердин стажировкаларын пландаштыруу жана ишке ашыруу;
- Дисциплиналар боюнча Окуу методикалык комплекстерди АВН программасына жүктөө;
- Электрондук китептерди жана методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу;
- 2023-2024-окуу жылында «Башталгыч класстарда билим берүү» адистигинин күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмү боюнча лицензиялык көрсөтүлгөн орунду кеңейтүү;
- 2023-2024- окуу жылында бардык адистиктердин программаларын көз карандысыз аккредитациялоодон өткөрүү;

**2. Келечектеги компетенттүү адистерди даярдоо жана алардын жумшак көндүмдөрүн өнүктүрүүнү камсыздоо**

Учурда заман талабына ылайык мыкты, жоопкерчиликтүү, билимдүү адис болуу жетишсиз болуп калды. Азыркы учурда ийгиликтүү инсан болуу үчүн кесиптик компетенттүүлүккө умтулуп, адис катары анын лидерлик сапаттары, өзүн өзү уюштуруу, өзүн өзү талдоо, долбоорлорду түзүү, командада иштей билүү компетенттүүлүктөрү калыптандыруу зарыл. Андыктан, 2028-жылга карата биздин бүтүрүүчүлөр кесиптик эң керектүү тажрыйбаларды жана теорияларды практика менен айкалыштырып кесипке даярдык көрүшөт. Мындан сырткары, студенттер soft skills багыты боюнча кошумча

курстардан өтүп, компетенттүүлүгүн калыптандырышат. Өз алдынча социалдык долбоорлорду иштеп чыгышат, атайын программаларды иштеп чыгышат. Ошондой эле кесипкөй адис катары медиа сабаттулугун жогорулата алышат.

Жыйынтыктап айтканда, биздин бүтүрүүчүлөр кесипкөй адис болуу менен катар социализациялоо иш аракетине керектүү көндүмдөргө ээ болуп чыгышы керек.

**3. Окутуучулардын усулдук чеберчилигин, жоопкерчилигин күчөтүү жана мотивациялоо**

Кесиптик даярдоонун заманбап талаптарын жогорулатуу үчүн албетте окутуучулардын кесиптик потенциалы жогору болуусу шарт, алар билим берүү системасы кандай нукта өнүгүшү керек экендигин алдын ала баамдоо менен тиешелүү окуу методикалык комплекси (ОМК) иштеп чыгып, сапатту сабактарды өтүүсү зарыл. Андыктан биздин окутуучулар учурдагы заман алабына ылайык сабактарды өтүүгө, практикага жана иш менен айкалыштырууга негизделген сабактар окутуу усулдарынын негизи болот.

Окутуучулар ОМК иштеп чыгуу компетенциясы өнүккөн, маалыматтык –технологиялык каражаттарды керектүү программаларда толук кандуу иштей алган, тренерлик сапаттарга ээ, креативдүү окутуучулардан болушу керек.

**4. Колледждин коомчулуктагы имиджин көтөрүү**

Учурда коомчулуктун пикири, коомчулуктагы мекеменин имиджи өзгөчө орунда турат. Андыктан И.Арабаев атындагы КМУнун жана анын ичинде Гуманитардык- педагогикалык колледжинин бай тарыхына таянып, коомчулукта мыкты пикир жаралышы шарт. Ар бир мектептин бүтүрүүчүсү, ата-энелер колледждин кесиптик билим берүү системасына кызыгып, ар бир ишкерлер, юридикалык жактар, мамлекеттик мекемелер биздин окуу жай менен кызматташууга кызыкдар болушу керек.

**5. Окуу жайдын инфраструктурасын жакшыртуу**

Кесиптик билим берүү жана ага даярдоо шарттарын жакшыртуу өтө маанилүү иш аракет. 2028-жылга карата Гуманитардык-педагогикалык колледжинин окуу имаратын толугу менен капиталдык ремонттон өткөрүү. Гуманитардык-педагогикалык колледждин иш алып баштоосу менен окуу жайда бул багытта шарттар түзүлүп баштоосу зарыл. Мекеме экологиялык, психологиялык жана физикалык коопсуздукту камсыздоо менен, спорт аянтчасы салынып, имараттын сырткы көрүнүшүнүн абалы жакшырып, индустриалдык багытта кесиптик билим берүүгө даярдоо үчүн ар кандай виртуалдык лабораториялардын, өнөрkананын долбоорлору даяр болот.

**Гуманитардык-педагогикалык колледж төмөндөгү принциптердин негизинде иш алып барат:**

1. Баардык билимдер - мыкты кесипкөйлүк үчүн! Ар бир берилип жаткан билимдер, сабактар студенттердин келечектеги кесипкөй инсан болушуна өбөлгө түзүшү керек.

2. Кесиптик билим кандай баалуу болсо, инсандык сапат андан маанилүү!

Студенттер кесипке даярдоодон сырткары, жумшак көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн шарттарды түзөбүз.

3. Усулдук өнүгүү – кесипке даярдоо өзөгү! – окутуучулардын усулдук муктаждыктарын изилдөө, ал муктаждыктарга жараша керектүү усулдук тажрыйба, усулдук колдонмо ресурстар менен камсыздоо аракеттерин көрөбүз. Ар бир окутуучу өз усулдук тажрыйбасын, кесиптик билимин көтөрүүнүн үстүндө иш алып барат.

4. Жоопкерчилик биздин ийгиликке өбөлгө! – мекеменин кызматкерлеринин ишке болгон жоопкерчилиги атайын жамааттык талкуу менен кабыл алынган жоболор аркылуу ишке ашырылат.

5. Адам ресуртары – баарынан жогору! - мекемедеги ар бир кызматкер сый мамилеге татыктуу. Ар бир кызматкер мыкты иштеген иши үчүн, мекеменин өнүгүүсүнө кошкон салымы үчүн сыйланууга, мыкты мотивацияларды алууга татыктуу.

6. Коомчулуктун пикири баарынан кымбат! – биздин мекеменин келечектеги ийгилиги өнөктөштөр менен гана болот. Коомчулуктун жакшы пикирине ээ болуу биздин негизги приоритеттүү багыттарыбыздын бири.

7. Окуу, иштөө жана кесипке ээ болуу үчүн мыкты шарттар! - мекеменин инфраструктурасын жакшыртуу үчүн баардык аракеттерди кылабыз.

## ӨНҮГҮҮНҮН СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТТАРЫ

<table>
<tr><td colspan="4">I. ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК ӨНҮГҮҮ</td></tr>
<tr><th>Максаты</th><th>Милдети</th><th>Планы</th><th>Күтүлүүчү натыйжалар</th></tr>
<tr><td rowspan="4">Жаңы инновациялык технологияларды жайылтууга негизделген бир бүтүн алдыңкы колледж катары иш алып баруу</td><td rowspan="3">Республикадагы эмгек рыногундагы изилдөөлөрдүн прогноздоруна таянуу менен кадрларды даярдоодогу приоритеттүү (профилдик) адистиктердин тизмегин туруктуу аныктап туруу жана аларды ишке ашырууну камсыздоо</td><td>Маркетологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүп, приоритеттүү (профилдик) адистиктерди аныктоо</td><td rowspan="3">2023-2025</td></tr>
<tr><td>Аныкталган адистиктер боюнча билим берүү программаларын ишке ашырууга керектелүүчү документтер тутумун жана иш кагаздарын даярдоо жана ишке ашыруу</td></tr>
<tr><td>Кыска мөөнөтүү жана квалификацияларды жогорулатуучу курстарды уюштурууга суроо талаптарды аныктоо, тизмегин түзүү жана иш кагаздарын даярдап ишке ашыруу</td></tr>
<tr><td>Орто кесиптик билим берүү программаларын жогорку кесиптик билим берүү программаларына интеграциялоо</td><td>Адистиктердин окуу пландарын профилдери боюнча ЖКББнүн окуу пландары менен салыштырып, керектүү өзгөртүүлөрдү аныктоо жана окуу пландарын кайра түзүү</td><td>2023-2024</td></tr>
<tr><td colspan="4">II. БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ</td></tr>
<tr><td>Колледждин туруктуу өнүгүүсүнө багытталган</td><td></td><td>Ар бир кызматкерлердин кызматтык милдеттенмелерин так аныктоочу</td><td>2023</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| рационалдуу административдик шарттарды түзүү | Кызматкерлердин иш алып баруусун мотивдештирүүчү эффективдүү система түзүү | нормативдик документтер тутумун кайрадан түзүү жана тааныштыруу | |
| | | Кызматкерлердин жумуш ордун тиешелүү шарттар менен камсыздоо | |
| | | Кызматкерлерге социалдык жана башка колдоолорду көргөзүү | |
| | | Кызматкерлердин өз ара мамилелерин жакындатуучу жана психологиялык чыңалуулардын алдын алуучу иш чараларды өнүктүрүү | |
| | | Кызматтык этиканы калыптандыруу | |
| | Кызматкерлердин иш алып баруусун баалоонун эффективдүү системасын түзүү | Кызматкерлердин ишин баалоонун нормативдик документтер тутумун иштеп чыгуу жана коллективге тааныштыруу | 2023-2024 |
| | Сапаттык менеджмент системасын стандартка тууралап өнүктүрүү | Сапат менеджмент системасынын документтер тутумун түзүү | 2023-2024 |
| | | Сапат менеджмент системасын камсыздоочу кызматтарды уюштуруу, жооптуу адамдарды бекитүү жана туруктуу көзөмөл жүргүзүү | |
| | Бардык деңгээлдеги жетекчилик курамынын жана кызматкерлердин квалификациясын туруктуу жогорулатып туруу | Бардык деңгээлдеги жетекчилик курамынын жана кызматкерлердин квалификациясын туруктуу жогорулатып туруунун иш планын түзүү, бекитүү жана ишке ашыруу. | 2024-2025 |
| | Окуу жайдын материалдык техникалык базасын учурдун | Окуу имаратынын жылуулук системасын толугу менен капиталдык оңдоодон өткөрүү | 2023-ж |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | талаптарына ылайык туруктуу өнүктүрүү | Имараттын дааратканаларын оңдоп түзөө иштерин бүтүрүү | 2023-ж |
| | | Окуу дарсканаларын оңдоп түзөө жана жасалгалоо иштрин уюштуруу | 2023-2025-жж |
| | | Коррекциялоочу педагогика жана атайын мектепке чейин билим берүү адистикетри үчүн виртуалдык лаборатория ачуу | 2023-2025-жж |
| | | Дене тарбия сабагын өтүү үчүн жеңил конструкциядагы аянтча куруу | 2025-2028-жж |
| | | Окуу имаратынын сырткы тарабын (фасад) толугу менен оңдоп түзөө | 2023-2028-жж |
| | | БАЗ, МАЗ-1, МАЗ-2 дарстык кабинеттеринин үстүнө жеңил конструкциядагы 2-этажды куруу | 2023-2028-жж |
| | Колледждин китеп фондун жаңыртуу | Адистиктер боюнча керектүү китептердин жана мезгилдүү басылмалардын каталогдорун түзүү, буйрутмаларды берүү жана камсыздоо | 2023-2025-жж |
| | | Окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жазуу жана басып чыгаруу иштерин профессордук окутуучулар курамына жайылтуу жана милдеттендирүү | Жыл сайын |
| III. БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ТАРБИЯ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ | | | |
| Окутуунун технологияларын өнүктүрүү жана | Билим берүү программаларын жана окуу материалдарын эмгек рыногунун талаптарына | Билим берүү программалары, окуу пландары жана окуу материалдарын кызыкдар тараптар менен биргеликте | Жыл ичинде |

| | | | |
|---|---|---|---|
| мугалимдеринин квалификацияларын туруктуу жогорулатып туруу менен окуу жайдын билим берүү сапатын жогорулатуу | ылайыктап түзүлүүсүн камсыздоо | талкууларды уюштуруу, талаптарына ылайык өзгөртүүлөрдү киргизүү | |
| | Кесиптик билим берүүдө инновациялык технологияларды туруктуу өздөштүрүүгө, колдонууга жана жайылтууга багытталган системаны түзүү | Инновациялык билим берүүчүлүк технологияларды, жаңычылдыктарды окутуучулук курамга тааныштырып жана жайылтып туруу | Жыл ичинде |
| | Билим берүүдө заманбап өздүк баалоо (сапат менеджменти) системасын калыптандыруу | Билим берүү процессин жүргүзүүгө багытталган бардык иш кагаздарын сапат системасынын талаптарына ылайык түзүп чыгуу жана билим берүүнүн сапатына туруктуу мониторинг жүргүзүп туруу | Жыл ичинде |
| | Билим берүү программаларын методикалык жактан камсыздоо жана замандын талабына ылайык жаңылап туруу | Колледждин окуу-методикалык кеңешинин иш алып баруусун учурдун талабына ылайык уюштуруу | Жыл ичинде |
| | | Педагогикалык эмес адистиктерди бүткөн жана жаныдан педагогикалык адистикти аркалаган окутуучуларга методикалык жардам көрсөтүү максатында кошумча айлык акы менен методисттерди даярдоо | Жыл ичинде |
| | | Колледжде даярдалып жаткан адистиктер боюнча негизги кесиптик билим берүү (ОПОП) программаларын түзүү | 2023-ж |
| | | Педагогикалык коллективдин методикалык чеберчилигин | Жыл сайын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жогорулатып туруу процессин үзгүлтүксүз камсыздоо | |
| | Колледждин тарбия иштерин өнүктүрүү | Жарандык-патриоттук, укуктук тарбиялоону, кесипке жана эмгекке тарбиялоону, спорттук жана сергек жашоого тарбиялоону уюштуруу | Жыл ичинде |
| | | Ата-энелер менен тыгыз иш алып баруу | Жыл ичинде |
| | | Студенттик өздүк башкарууну жана демилгелерди өнүктүрүү | Жыл ичинде |
| | | Кураторлук пландарды замандын талабына ылайык түзүү | Жыл сайын |
| IV. ӨНДҮРҮШТҮК-ПРАКТИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮК | | | |
| Кесиптик билим берүүдөгү практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүү жана аны ишке ашыруудагы кызматташууларды арттыруу | Колледждин окуу-практикалык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү | Колледждин базасында окутулуп жаткан адистиктер боюнча тиешелүү мекемелер менен студенттердин практикаларын уюштуруу боюнча өз ара кызматташууларды өнүктүрүү | Жыл ичинде |
| | | Практиканын бардык түрлөрүнүн толугу менен адистикти даярдоодогу жана эмгек рыногунун талаптарына ылайык өз учурунда өтүлүүсүн камсыздоо | Жыл сайын |
| | | Студенттердин практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн адистиктердин окуу планындагы практикалык сааттардын өлчөмүн жана алардын өтүү убактысын окуу | Жыл ичинде |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жылынын ыңгайлуу мезгилдерине тууралоо | |
| IV. ТЫШКЫ БАЙЛАНЫШТАР ЖАНА КАРЬЕРАЛЫК ӨСҮҮ | | | |
| Социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү менен колледждин тышкы байланыштарын чыңдоо | Тышкы байланыштар, карьералык өсүү саясатын өнүктүрүү | Социалдык өнөктоштөрдү аныктоо жана алар менен кызматташууларды уюштуруу | Жыл ичинде |
| | | Колледждин окуу-практикалык, тарбиялык ишмердүүлүгү боюнча социалдык өнөктөштөр менен кызматташууларды жүргүзүү | Жыл ичинде |
| | Кесиптик билим берүүдөгү эффективдүүлүккө жетишүү жана бүтүрүүчүлөрдүн жогорку окуу жайларга тапшыруусуна жана жумуш менен камсыз болуусуна колдоо көрсөтүү | Даярдалып жаткан адистиктер боюнча жумуш берүүчүлөр кеңешин түзүү жана бул багыттагы иштерди алып баруу аркылуу колледждин бүтүрүүчүлөрүн иш менен камсыз болуу мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу | Жыл ичинде |
| | | Бүтүрүүчүлөрдү жогорку окуу жайларга (бакалавр) тапшыруусуна жеңилдиктерди берүү | Жыл ичинде |
| | | Бүтүрүүчүлөр менен тыгыз байланыштарды жана кызматташууларды жүргүзүүчү системаны калыптандыруу | Жыл сайын |
| | | Колледждин коомчулуктун алдындагы статусун, иммиджин жогорулатып туруучу иш чаралардын планын түзүү жана алардын аткарылышын камсыздоо | Жыл сайын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Колледждин жетишкендиктерин массалык маалымат каражаттары, интернет булактары, соцтармактар аркылуу чагылдырып коомчулук менен кайтарым тыгыз байланыштарды туруктуу жүргүзүп туруу | Жыл ичинде |
| | | Колледжге карата коомчулуктун пикирине, көз караштарына туруктуу байкоо жүргүзүп туруу жана аларды жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу | |